КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

721500 Казарман айылы, Ж.Акимбаев көчөсү №81
тел:(03738) 5-02-50

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
КАРГАЛЫКСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

721500 с. Казарман, ул Ж.Акимбаева № 81
тел:(03738) 5-02-50

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезектеги XVIII сессиясынын**
**Т О К Т О М У**

15-май 2023 - жыл № 27 Казарман айылы

**Жазгы талаачылык жумуштарына даярдыктардын жүрүшү, айыл чарба шаймандарынын техникалык абалы жөнүндө "МТС" муниципалдык ишканасынын жетекчисинин маалыматын жана айыл аймактагы элдин үрөн, күйүүчү май менен камсыз болушу тууралуу Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарынын маалыматын угуу**

"Айыл чарбасы, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, жаштар, спорт жана коомдук уюмдар боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасы Баатырбек уулу Аскардын маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык,

**Каргалык айылдык Кеңешинин (XXVIII чакырылышынын)**
**кезектеги XVIII сессиясы**
**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Каргалык айыл аймагы боюнча жазгы талаачылык жумуштарына карата даярдыктардын жүрүшү, айыл чарба шаймандарынын техникалык абалы жөнүндө "МТС" муниципалдык ишканасынын жетекчисинин маалыматы угулгандыгы жана дыйкандардын айдоо жерлерин бузуп, малалап, үрөн себүү иштерин жүргүзгөндүгү белгиленсин.
2. Каргалык айыл аймагы боюнча айыл аймактагы дыйкандар өз убагында үрөн, күйүүчү май менен камсыз болгондугу тууралуу Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары А.Жарбашовдун маалыматы угулгандыгы белгиленсин.
3. Жазгы талаачылык жумуштары аяктаганга чейин уюштуруучулук менен ыкчам иш алып баруу жагы "МТС" муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Касымбековго милдеттендирилсин.
4. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.org.kg/ расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Бул токтомду аткаруу жагы Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары А.Жарбашовго жүктөлсүн.
6. Бул токтомду көзөмөлдөө "Айыл чарбасы, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, жаштар, спорт жана коомдук уюмдар боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасы Баатырбек уулу Аскарга тапшырылсын.

**Каргалык айылдык Кеңешинин төрагасы: Т.И.Токтоболотов.**